«Бекитемин»
Ош мамлекеттик университетинин
ректору, ф-м.и.д., профессор
_____________ Кожобеков К. Г.
«07» _____03_____ 2024-ж.

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларынын жайылтылышы тууралуу**
**АКТ**

1. **Ишке ашыруунун автору:** изденүүчү Сооронбаева Каухар Акылбековна
2. **Илимий иштин аталышы:** Компетенттүүлүк мамиледе магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо («Физика-математикалык билим берүү» магистрдик программасынын мисалында), 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы
3. **Аннотация:** Билим берүү программасынын окутуу натыйжаларынын (ОН) долбоорлонулушунун, таризделип жазылышынын абалын аныктоо. Билим берүү процессин ОНдорго багыттап уюштуруу. Баалоо каражаттарынын окутуу натыйжаларын өлчөп-ченөөгө ылайыктуулугун аныктоо. Билим берүү процессин окутуу натыйжаларына багыттап уюштуруу аркылуу натыйжалуулукту арттыруунун ар түрдүү жолдорун, формаларын, үлгүлөрүн иштеп чыгуу.
4. **Ишке ашыруунун орду жана убактысы:** Эксперимент ОшМУнун математика, физика, техника жана маалыматтар технологиясы институтунда 2020-2024-жылдары жүргүзүлдү. Экспериментке “Физика-математикалык билим берүү” магистрдик программасынын ФМО(м)-1-20, ФМО(м)-1-21, ФМО(м)-1-22, ФМО(м)-1-23 тайпаларынан 118 магистрант катышты.
5. **Ишке ашыруу формасы:**

Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулду:

- “Физика-математикалык билим берүү” магистрдик программасынын негизги билим берүү программасында (НББП).

- Дисциплиналардын окуу-методикалык комплекстеринде (жумушчу программа, баалоо каражаттары, окуу-методикалык материалдарда).

- Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоонун программаларында.

6. **Натыйжасы:**

Диссертациянын материалдарынын жайылтылышынын натыйжасында төмөнкүдөй оң эффекттер алынды:

"Физика-математикалык билим берүү" магистрдик программасынын ОНдорун долбоорлоонун жана баалоонун алкагында сунушталган окутуучулар үчүн анкета жүргүзүү, интервью алуу жана магистранттар үчүн контролдук жумуштар, анын жыйынтыгында "Физика-математикалык билим берүү" багыты боюнча компетенттүү адистерди – магистрлерди даярдоого:

- "Физика-математикалык билим берүү" магистрдик программасынын окутуучулары тарабынан дисциплиналардын жумушчу программаларын окутуу натыйжаларына багыттап иштеп чыгышты.

- "Физика-математикалык билим берүү" магистрдик программасынын окутуу натыйжалары анын максаттарына, окуу жайдын миссиясына ылайык жазылды.

- "Физика-математикалык билим берүү" магистрдик программасынын магистранттарынын окутуу натыйжаларын баалоо үчүн комплекстүү, деңгээлдик тапшырмалар түзүлдү.

- Баалоо каражаттары, дисциплиналар боюнча жумушчу программалар, окуу-методикалык материалдар жана усулдук колдонмолордун материалдары аппробацияланды.

- Билим берүү процессин окутуу натыйжаларына багыттап уюштуруу магистранттардын жетишүүсүндөгү өсүштү камсыздады, тактап айтканда эксперимент жүргүзүлгөн мезгил ичинде магистранттардын жетишүүсү төмөн деңгээл 11-30%га азайса, ал эми жогору деңгээл 10-20%га өскөн.

**Жыйынтык:** изденүүчү Сооронбаева Каухар Акылбековнанын изилдөө иштеринин жыйынтыктарын "Физика-математикалык билим берүү" магистрдик программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо үчүн колдонууга ылайыктуу.

ОшМУнун математиканы, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын башчысы, п.и.д. — Келдибекова А. О.

Жалпы физика жана физика окутуунун усулу кафедрасынын доценти, п.и.к. — Омаралиева З. И.

Алгебра жана геометрия кафедрасынын башчысы, ф.-м.и.к. — Борбоева Г. М.

Математиканы, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын доценти, п.и.к. — Култаева Д. Ч.

Педагогика кафедрасынын башчысы, п.и.к. — Жутанова Г. А.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
2024 ж. «07» 03
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.